**2022-2023-окуу жылына карата социалдык педагогдун максаты: жалпы окуучулардын социалдык жактан курамын аныктоо томолой жетимдердин жарым жетимдердин ата-энеси чет өлкөдө иштеп жаткан окуучулардын турмуш шарты оор окуучулардын мүмкүнчүлүгү чектелген жана инклюзивдик окууга муктаж окуучулардын окууга тартылбаган окуучулардын мектептин ички көзөмөлүндө турган балдардын тизмелерин аныктоо.**

| № | Аталышы | 2022-2023-окуу жылы сентябрь | |
|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы окуучулардын саны | 398 окуучу | |
| 2 | Тоголок жетимдер | - | |
| 3 | Жарым жетимдер | 15 окуучу | |
| 4 | Социалдык жетимдер | 11 окуучу | |
| 5 | Көп балалуу үй-бүлөдөгү балдар | 45 окуучу | |
| 6 | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 4 окуучу | |
| 7 | Толук эмес үй-бүлөдөгү балдар ажырашкандар | 10 окуучу | |
| 8 | Аз камсыз үй-бүлөдөгү балдар | 45 окуучу | |
| 9 | Аз камсыз үй-бүлөнүн саны | 7 үй-бүлө | |
| 10 | Өгөй эне менен жашаган балдар | 3 окуучу | |
| 11 | Өгөй ата менен иштеген балдар | 2 окуучу | |
| 12 | Сырткы эмгек миггранттардын балдары | 11 окуучу | |
| 13 | Ички эмгек мигранттардын балдары | 7 окуучу | |
| 14 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдар | - | |
| 15 | Мектепке тартылбай калган балдар | - | |
| 16 | Камкордукка алынган балдар | 2 окуучу | |
| 17 | Суицид учурлар (фактылар) | - | |
| 18 | ИДНдин учётуна турган балдар | - | |
| 19 | ВШУ учётунда турган балдар | - | |
| 20 | Кылмышка катышкан окуучулардын саны | - | |
| 21 | Тобокел тобунда катталган балдардын саны | - | |
| 22 | Турмуштук кыйын кырдаалга кабылган окуучулардын саны | - | |
| 23 | Совет профилактиканын саны | | |

**Пед.коллектив менен иштөөдө класс жетекчилер балдар арасында "Биз зомбулукка каршыбыз!" "Кыйын кыз "жана башка темадагы проблемаларды алдын алуу максатында окуучулар менен тегерек стол диспут жана лекциялар аркылуу түшүндүрүү иштери өткөрүлүп турат.**

**Үй –бүлө менен иштөөдө ата-энелер үчүн" Позитивдүү бала тарбиялоо" аталышындагы беш күндүк окуу өткөрүлдү. Бала тарбиялоодогу жаңылыктар менен таанышып катуу талкуу болду.**

**Ата –энелерге балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө жеке кеңештер берилди.**

Ошондой эле балдардын укуктук билим деңгээлин жогорулатуу максатында бала укуктары тууралуу конвенциясы менен окуучулар арасында тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.

Балдарды зордук-зомбулуктан сактоо жана балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында окуучулар жана ата-энелер менен жекече маектешүүлөр жүргүзүлүп, видео роликтер даярдалып ата- энелер чогулушунда көрсөтүлдү.

Мигранттардын балдарына камкорчулар дайындалып, анкеталар толтурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мектепте " Медиа кыздар академиясы" долбоору тарабынан уюштурулган медиа бурчту алып баруу ишине аярлуу катмардагы окуучулар тартылган.

Жыл сайын 11-октябрь "Кыздарды коргоонун эл аралык күнүнө карата" депутат спикер айымдар менен онлайн форматында кыздарды шыктандырууга багытталган темалар аркылуу жолугушуулар уюштурулат. 11 жаштан 18 жашка чейинки кыздардан аз кандуулукту алдын алуу үчүн анализ алынат. Быйылкы окуу жылында анализдин жыйынтыгы менен 5 окуучу кыздын аз кандуулугу аныкталып, дарыгердин көзөмөлүнө алынды.

Кийики 2023-2024-окуу жылына карата төмөндөгүдөй максат,милдеттер коюлду:

1. Үй –бүлөөлүк көйгөйлөрдүн,социалдык жетимдиктин,балдарга карата зомбулуктун жана коомго жат жүрүм – турумдун кароосуз калуунун алдын алуу.
2. Окуучулар жана ата-энелер менен баарлашууда, билим алууда, өнүгүүдө социалдашууда көйгөйлөрү бар же социалдык жактан жабыркаган балдарга өз убагында социалдык-педагогикалык , психологиялык жана укуктук жардам берүү.
3. Балдарга социалдык коргоо көрсөтүүгө багытталган социалдык жана маалыматтык жардам берүү.
4. Балдардын укук бузууларын алдын алуу иштерин жүргүзүү
5. Балдар арасында сергек жашоо образын жайылтуу жана спорт ийримдерине тартуу

Мектеп директору: Жапанов Акылбек Асаналиевич
Социалдык педагог: Жекшенбек кызы Айнура